**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**
**ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ**

**ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН**

**МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР**

## ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ

2025-жылдын 18-декабры №99 Оргочор айылы

**Балык өстүрүүгө “Ачык жардан” жер берүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Суу ресурстары , айыл чарба жана кайра иштетүү өнөр жайы министрлиги “Кыргыз Республикасынын агроөнөр жай комплекстин андан ары өнүктүрүү боюнча чаралар жөнүндө” 2024-жылдын 22-илундагы ПЖ №202 Кыргыз Республикасынын Жарлыгына ылайык, балык жана балык продукциясын өндүрүүнүн андан ары туруктуу өсүшү үчүн жагымдуу шаттарды түзүү жана аквакультура тармагына инвестицияларды тартуу менен Аң-Өстөн айылынын №166,169,170,171 контурундагы жалпы 4,74 га жерден балык өстүрүү үчүн жай уюштурууга “Ачык жардан” 1,5 га жер тилкесин ижарага берүү боюнча Оргочор айыл аймагынын айыл өкмөт башчысы Н.Жусуповдун жана жер адиси К.Искаковдун билдирүүлөрү угулуп жана талкууланып жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. Оргочор айылынын №166,169,170,171 контурундагы жалпы 4,74 га жерден 1,5 га жер тилкесине балык өстүрүүчү жай уюштуруу үчүн жер тилкесин ижарага берүүгө макулдук берилсин.

2. Оргочор айыл өкмөт башчысына:
   - Аң-Өстөн айылынын 2025-жылдын 16-декабрындагы элдик жыйынынын протоколу эске алынсын.
   - “Ачык жардан” балык өстүрүүгө 1,5 га жерге тиешелүү документерин мыйзам чегинде бүтүрүү жагы тапшырылсын.

3. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

4. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы жергиликтүү кеңештин финансы пландоо. Бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө жана сырттан келген инвестицияны көзөмөлдөө жана айыл чарба жана экология маселелери боюнча туруктуу комиссияларына жүктөлөт.

**Төрага** **А.Тыныбеков**